| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ<br>ТОҢ РАЙОНУ<br>АК-ТЕРЕК АЙЫЛ<br>АЙМАГЫНЫН ЖЕРГИЛИКТҮҮ<br>КЕҢЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>ТОНСКИЙ РАЙОН<br>МЕСТНЫЙ КЕНЕШ<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА<br>АК-ТЕРЕК** |

**Ак-Терек айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин VIII чакырылышынын II кезектеги сессиясы**

# ТОКТОМ

2024-жылдын 18-декабры №9 — Кара-Коо айылы

**Ак-Терек айыл аймагына караштуу "Бар-Булак" термоминералдык ысык суусуна түшүүгө (кирүү) төлөө акысы жөнүндө**

---

Ак-Терек айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин депутаты Асанкадыр кызы Перизаттын сунушун угуп, талкуулап жана Ак-Терек айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин депутаттарынын сунушун угуп, талкуулап, Ак-Терек айыл аймагынын жергиликтүү кеңеши **токтом кылат:**

1. Мурунку Көл-Төр айыл өкмөтү менен Ак-Терек айыл өкмөтү биригип, Ак-Терек айыл өкмөтү болгонуна байланыштуу, азыркы Көл-Төр, Коңур-Өлөң, Тогуз-Булак айылдарынын жергиликтүү тургундарына термоминералдык ысык сууга түшүүгө (кирүү) төлөө акысы 20 (жыйырма) сом болуп бекитилсин.

2. Бул токтомдун аткарылышын камсыз кылуу жагы Ак-Терек айыл айымагынын айыл өкмөтүнүн башчысы Зарнаев Жыргалбек Жакшылыковичке милдеттендирилсин.

3. Ак-Терек айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин токтому Ы1сык-Көл областык юстиция башкармалыгынан мамлекеттик каттоодон өткөрүлсүн.

4. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Ак-Терек айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин бюджет, экономика, инвестиция, тышкы байланыш боюнча туруктуу комиссиянын төрайымы Т.Т. Ормуковага тапшырылсын.

**Төрага** — **Эркинбек уулу С.**